| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ<br><br>САДЫР АКЕ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|

**Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин I чакырылышынын X сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын июль айынын 30у № 97** **Темир а.**

**Акча каражатын кароо жөнүндө**

Ысык-Көл РИИБдин Темир АМБ башчысы милициянын капитаны А.Т.Кадыровдун кайрылуусунун жана жергиликтүү кеңештин «Бюджет, финансы, экономика, инвеститцияларды тартуу менен чакан бизнести өнүктүрүү, ишкердик, тышкы эканомикалык байланыштар боюнча» туруктуу комиссиянын 2025-жылдын 25-июлунда №11-протоколунун негизинде Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кенеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаров «Коопсуз өлкө» долбооруна ылайык,Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы №60 «Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө» жана 2015-жылдын 18-майындагы №103 «Сырткы видео байкоо жөнүндөгү» мыйзамдарынын негизинде укук бузуулардын, кылмыштуулуктун алдын алуу жана жаш өспүрүмдөрдүн коопсуздугун жана «Жайкы туристтик мезгил-2025» учурунда келип эс алган коноктордун коопсуздугун сактоо максатында Садыр Аке айыл аймагына караштуу Григорьевка айылындагы Садыр Аке көчөсүндө жайгашкан борбордук базарга өздүгүн аныктоочу видео байкоо камерасын койуу үчүн жыл ичинде жергиликтүү бюджетке түшө турчу акча каражаттын эсебинен акча каражаты каралсын.
2. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.
3. Токтомдун аткарылышы Садыр Аке айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Н.Молдакматовго жана ФЭБнүн башчысы Н.Сыдыковага милдеттендирилсин.
4. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин "Бюджет, финансы, экономика, инвестицияларды тартуу менен чакан бизнести өнүктүрүү, ишкердик, тышкы экономикалык байланыштар боюнча" туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.А.Мамытов**

Сканировано с CamScanner